КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ОШ ОБЛУСУ
АЛАЙ РАЙОНУ

"ПАМИР-АЛАЙ" АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ"
МЕКЕМЕСИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ
АЛАЙСКИЙ РАЙОН

УЧРЕЖДЕНИЕ
"АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
АЙЫЛНОГО АЙМАКА "ПАМИР-АЛАЙ"

Памир-Алай айылдык Кеңешинин VII-чакырылышын кезектеги 1- отурумунун

# ТОКТОМУ

2024-жылдын 20-февралы № 3 Сары-Таш айылы

**«Памир-Алай айыл аймагынын айыл өкмөтү» мекемеси айыл өкмөтүн түзүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 29-декабрындагы № 370 «Кыргыз Республикасынын айыл аймактарынын жана шаарларынын деңгээлинде пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жүргүзүү жөнүндө» Жарлыгын, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 7-февралындагы №24 "Пилоттук режимде жүргүзүлүп жаткан административдик-аймактык реформанын алкагында жергиликтүү кеңештердин иши жөнүндө убактылуу жобону бекитүү жөнүндө" Жарлыгын, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 7-февралындагы №52 "Пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жүргүзүү мезгилинде Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруу органдарынын ишин уюштуруу жөнүндө" Токтомун, Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 92-беренесин жана "Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамын жетекчиликке алып, Памир-Алай айылдык кенеши **токтом кылат:**

1. **"Сары-Могол"** айыл өкмөтү» мекемеси, **«Талды-Суу»** айыл өкмөтү мекемеси жана **«Сары-Таш»** айыл өкмөтү мекемеси бириктирүү жолу менен **«Памир-Алай" айыл аймагынын айыл өкмөтү»** мекемеси болуп кайра түзүлсүн.

**Юридикалык жактын толук фирмалык аталышы:**

- **Мамлекеттик тилде**: **"Памир-Алай"** айыл аймагынын айыл өкмөтү» мекемеси.
- **Расмий тилде**: Учреждение "Айыл окмот Памир-Алайского айылного аймака"

**Кыскартылган фирмалык аталышы:**

- Мамлекеттик тилде: «Памир-Алай айыл аймагынын айыл өкмөтү» М-и.
- Расмий тилде: У-е "Айыл окмот Памир-Алайского айылного аймака".

2. **"Памир-Алай"** айыл аймагынын айыл өкмөтү" мекемесинин Жобосу бекитилсин.
3. **"Памир-Алай"** айыл аймагынын айыл өкмөтү» мекемесинин юридикалык дареги болуп, Кыргыз Республикасы, Ош облусу Алай району Сары-Таш айылы Мээрим көчөсү №16 болуп аныкталсын.
4. Мекеме Кыргыз Республикасынын иштөөдөгү мыйзамдарына ылайык Кыргыз Республикасынын юстиция органдарында мамлекеттик каттоодон өткөрүлсүн.

Токтомдо көрсөтүлгөн маалыматтардын, ошондой эле мамлекеттик каттоо үчүн тапшырылган документтердеги маалыматтардын аныктыгы ырасталат.

**Төрага** **Н.Койчуман уулу**